2. Добрачев Д.В., Кудрявцева Л.В. Комментарии к Постановлению Конституционного Суда РФ от 03.04.2023 N 14-П "По делу о проверке конституционности пунктов 2 и 3 статьи 428 Гражданского кодекса Российской Федерации в связи с жалобой гражданина К.В. Матюшова" // Вестник арбитражной практики, 2023, № 3, с. 94-102.

3. Муненко П.М. Непредоставление информации о кредитном продукте как непоименованная форма недобросовестной конкуренции // Конкурентное право, 2024, № 1, с. 19-22.

4. Муратбекова С.М. Конституционно-правовые положения защиты и защиты семьи в Кыргызской Республике в условиях ее создания как суверенного государства // Вестник КНУ, 2023, № 4(116), с. 114-122.

УДК 342.26
DOI 10.58649/1694-8033-2024-2(118)-132-136

**Жолдошбек кызы Г., Токтогазиева А.С.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Жолдошбек кызы Г., Токтогазиева А.С.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**Zholdoshbek kyzy G., Toktogazieva A.S.**
KNU named after J. Balasagyn

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АДМИНИСТРАТИВДИК-АЙМАКТЫК ТҮЗҮЛҮШҮ ЖАНА АНЫ РЕФОРМАЛООНУН УКУКТУК НЕГИЗДЕРИ
# АДМИНИСТРАТИВНО-ТЕРРИТОРИАЛЬНОЕ УСТРОЙСТВО КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ И ПРАВОВАЯ ОСНОВА ЕГО РЕФОРМИРОВАНИЯ
# ADMINISTRATIVE-TERRITORIAL STRUCTURE OF THE KYRGYZ REPUBLIC AND THE LEGAL BASIS FOR ITS REFORM

**Кыскача мүнөздөмө:** Каралып жаткан макалада Кыргызстандын калыптанып калган административдик-аймактык түзүлүшү жана аны реформалоонун укуктук негиздери илимий талдоого алынат. Өлкөдөгү административдик-аймактык реформалардын тарыхый этаптары жана аларды ийгиликтүү ишке ашырууга тоскоолдук кылган саясий-укуктук өбөлгөлөр каралат. Учурда Кыргыз Республикасында жүрүп жаткан кезектеги аймактардагы башкаруучулук реформанын укуктук негиздерин бекемдөө жана мыйзамдуулугун камсыздоо максатында бул маселеге арналган илимий адабияттардын жана өлкөнүн ченемдик-укуктук базасынын анализинин негизинде автордук көз караш айтылат.

**Аннотация:** В рассматриваемой статье научному анализу подвергаются сложившееся административно-территориальное устройство Кыргызстана и правовые основы его реформирования. Рассмотрены исторические этапы административно-территориальных реформ в стране и политико-правовые условия, препятствующие их успешной реализации. В целях укрепления правовых основ и обеспечения легитимности административно-территориальной реформы, проводимой в настоящее время в Кыргызской Республике, на

основе анализа научной литературы, посвященной данному вопросу, и нормативно правовой базы страны изложена авторская точка зрения.

**Abstract:** In this article, the current administrative-territorial structure of Kyrgyzstan and the legal basis for its reform are subject to scientific analysis. The historical stages of administrative-territorial reforms in the country and the political and legal conditions that impede their successful implementation are considered. In order to strengthen the legal foundations and ensure the legitimacy of the administrative-territorial reform currently being carried out in the Kyrgyz Republic, based on an analysis of scientific literature on this issue and the legal framework of the country, the author's point of view is presented.

**Негизги сөздөр:** Кыргыз Республикасы; административдик-аймактык түзүлүш; административдик-аймактык реформа; мыйзамдуулук; башкаруу; натыйжа.

**Ключевые слова:** Кыргызская Республика; административно-территориальное устройство; административно-территориальная реформа; легитимность; управление; результат.

**Keywords:** Kyrgyz Republic; administrative-territorial structure; administrative-territorial reform; legitimacy; control; result.

Каалаган заманбап мамлекеттин өз ишин уюштуруусунун деңгээли жана сапаты анын административдик-аймактык түзүлүшү менен тыгыз байланышта экендиги айкын. Андыктан, дээрлик бардык мамлекеттер бул маселеге ар дайым өзгөчө көңүл буруп, аны жакшыртуунун үстүнөн тынымсыз иш алып барып келишет.

Өзүнүн эгемендүүлүгүнө ээ болгон мезгилден тарта Кыргыз Республикасы дагы өлкөнүн административдик-аймактык түзүлүшүнүн маселелерин жалпы мамлекеттик саясаттын негизги багыттарынын бири катары карап келет. Бүгүнкү күндө өлкөнүн ички уюштурулушу атайын тармактык мыйзам –"Кыргыз Республикасынын администрациялык-аймактык түзүлүшү жөнүндөгү" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен жөңгө салынган.

Аталган мыйзамга ылайык, "административдик-аймактык түзүлүш" түшүнүгүнүн ченемдик аныктамасы натыйжалуу мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну уюштуруу, мыйзамдуулукту жана укук тартибин камсыз кылуу, өлкө жарандарынын эркиндиктерин, укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын ишке ашыруу максаттарында Кыргыз Республикасынын аймагынын администрациялык-аймактык бирдиктерге бөлүү катары белгиленет (2-берене). Келтирилген ченемдик аныктамадан байкалып тургандай, административдик-аймактык түзүлүштүн негизги 3 максаты бар:

1) мамлекеттик жана муниципалдык (жергиликтүү) башкарууну натыйжалуу кылып уюштуруу;

2) өлкөдөгү мыйзамдуулукту жана укук тартибин камсыздоо;

3) жарандардын укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын ишке ашырууга шарт түзүү.

Бул максаттарга жетүү үчүн өлкөнүн жалпы аймагы атайын аныкталган администрациялык-аймактык бирдиктерге бөлүнөт. Жогоруда аталган тармактык мыйзам боюнча мындай бирдиктердин катарына облус, район, шаар жана айылдык округдар кирет [1].

Кыргыз мамлекетинин өзүнүн административдик-аймактык түзүлүшүн уюштуруу аракеттеринин тарыхына кыскача токтолуп өтөлү. СССР тараганга чейин эле Кыргызстан өзүнүн аймактык бирдиктерин ирилештирүүнүн жана андан кайра кайтуунун бир нече толкунун баштан өткөргөн. Көз карандысыздыкка жетүүгө үч жыл калганда, тагырагы 1988-жылы республикада административдик-аймактык түзүлүштүн кезектеги реформасы жүргүзүлгөн жана анын жыйынтыгы менен эки облус – Ош жана Ысык-Көл түзүлгөн. 1991-жылы болсо административдик-аймактык түзүлүштүн ирилештирүүдөн кайтуу боюнча реформасы орун алып, ал өлкөнү алты облуска бөлгөн – Чүй, Талас, Нарын, Ысык-Көл, Ош жана Жалал-Абад. 1999-жылы Баткен Ош облусунун курамынан бөлүнүп чыгып, өз алдынча облус катары түзүлгөн [2, 39-40-б.].

Каралып жаткан тармактагы өлкөнүн көз карандысыздыкка жеткенден кийинки мезгилдеги реформаларынын жыйынтыгында, 2022-жылга карата унитардык мамлекет катары Кыргызстандагы башкарууну уюштуруу төрт баскычтан турган тутумду түзгөн: республика – облус – район – баштапкы деңгээл (шаар, айыл). Тагырагы, Кыргызстанда 7 облус, республикалык маанидеги 2 шаар, 40 район, 31 шаар жана 459 айылдык аймак түзүлгөн [3, 57-б.].

Бирок өлкөнүн мынчалык көп сандагы бирдиктерге бөлүү аркылуу түзүмдөштүрүү жогорку мамлекеттик бийликте дагы, коомчулукта дагы дайыма кызуу талкууларды жаратып келген. Андыктан, административдик-аймактык реформаны жүргүзүү маселеси Кыргызстан үчүн бардык мезгилдерде актуалдуу бойдон калган.

Изилдөөнүн түшүнүк аппаратын тактап алуу максатында “административдик-аймактык реформа” түшүнүгүн аймактарды башкаруу процессин өзгөртүү жана аларды ирилештирүү, өлкөнү өнүктүрүү боюнча стратегиялык максаттарга жетүүдө бийликтин борбордук жана аймактык органдарынын өз ара аракеттенишүүлөрүн жакшыртуу боюнча кайра түзүү иши катары кароону сунуштайбыз.

Макалада каралып жаткан маселе боюнча көп жылдык теориялык жана практикалык тажрыйбасы бар ата-мекендик окумуштуу К.Б. Шадыбеков адилеттүү түрдө белгилегендей, көз карандысыздык жылдарында Кыргызстанда өлкөнүн административдик-аймактык тутумун түп-тамырынан реформалоонун бир нече аракеттери көрүлгөн:

1) өткөн кылымдын 90-жылдарында;
2) 2005-2010-жылдарда;
3) 2012-2017-жылдарда [3, 58-б.].

Белгиленген убакыт аралыгындагы административдик-аймактык реформанын бирөөсү дагы өзүнүн түпкү максатына жетпегендигин дагы билгилеп коюу керек. Бунун өлкө жетекчилигинин саясий эркине, мамлекеттин башкаруу аппаратынын уюштуруучулук мүмкүнчүлүктөрүнө, жергиликтүү бийликтердин кадрдык дараметине жана коомчулуктун саясий-укуктук аң-сезимине жана маданиятына байланыштуу болгон бир нече себептери бар.

Өлкө аймагындагы кезектеги реформа 2022-жылдын соңунда башталган. Маселен, Кыргыз Республикасынын Президентинин “Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусунун Түп районунун айыл аймактарынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жөнүндөгү” 2022-жылдын 28-декабрындагы №414 Жарлыгы чыгып, ага ылайык аталган райондо реформа жүргүзүүнүн укуктук негизи салынган. Кийинчирек, мамлекет башчысынын 2023-жылдын 3-апрелиндеги №85 Жарлыгы менен Нарын облусунун аймагында дагы пилоттук режимдеги реформа башталган.

Көрсөтүлгөн эки аймактагы административдик-аймактык реформанын натыйжаларына токтоло турган болсок, Түп районунун 13 айыл аймагы 5 айыл аймак болуп бириктирилген. Жалпы район боюнча 25 штаттык бирдик кыскартылган. Ошол эле маалда, жаңыдан түзүлгөн 5 айыл аймактын төртөөсү республикалык бюджеттен дотацияда калган [4, 10-11-б.]. Нарын облусунун аймагындагы реформанын натыйжасын төмөндөгү таблицадан көрүүгө болот.

Ошону менен, жалпы Нарын облусунун аймагы боюнча 36 айыл аймак кыскартылган. Муниципалдык кызматкерлердин саны боюнча алып караганда, 890 кызматкерден 644 калган, башкача айтканда 246 кызматкер кыскарууга дуушар болгон [4, 28-31-б.].

**Нарын облусунун аймагындагы пилоттук режимдеги административдик-аймактык реформанын натыйжалары**

| № | Административдик-аймактык реформага чейин | Административдик-аймактык реформадан кийин | Кыскаруу |
|---|---|---|---|
| 1. | Ат-Башы району – 11 а/а | Ат-Башы району – 5 а/а | 2,2 эсе же 55% |
| 2. | Ак-Талаа району – 13 а/а | Ак-Талаа району – 4 а/а | 3,3 эсе же 69% |
| 3. | Жумгал району – 13 а/а | Жумгал району – 6 а/а | 2,2 эсе же 54% |
| 4. | Кочкор району – 11 а/а | Кочкор району – 5 а/а | 2,2 эсе же 55% |
| 5. | Нарын району – 15 а/а | Нарын району – 7 а/а | 2,1 эсе же 53% |

2023-жылдын соңунда болсо жогорудагы эки аймактагы пилоттук режимдеги реформаны улай жалпы өлкөнүн аймагында дагы аймактык башкаруунун реформасы жарыяланган. Тагырагы, 2023-жылдын 29-декабрында өлкө башчысынын “Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндөгү” №370 Жарлыгы чыккан.

Коомдун керектөөлөрүнө жана келечектеги чакырыктарга ылайык келген башкаруунун жаңы тутумун түзүүгө багытталган кезектеги административдик-аймактык реформа бүгүнкү күндө кызуу жүрүп жаткандыгына жана ал толук жыйынтыктала электигине карабастан, юридикалык коомчулукта жана эксперттер арасында анын укуктук ченемдик негиздери жана мыйзамдуулугу боюнча күмөн саноолор айтылып келүүдө. Мындай пикирлердин эң олуттуусу жүргүзүлүп жаткан реформанын өлкөнүн баш мыйзамына ылайык келүүсүнө байланыштуу, себеби Конституция боюнча Кыргыз Республикасындагы административдик-аймактык түзүлүштүн маселелери парламентте каралууга тийиш [5].

Андан тышкары, жогоруда биз караган тармактык мыйзам боюнча дагы административдик-аймактык бирдиктерди түзүү жана жоюу, алардын администрациялык борборлорун белгилөө жана которуу, административдик-аймактык бирдиктердин чек араларын белгилөө жана өзгөртүү, калктуу конуштардын категорияларын аныктоо, ошондой эле административдик-аймактык бирдиктердин аталыштарын жана кайра аталыштарын бекитүү Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ыгарым укуктарына кирет (9-берене).

Андыктан, өлкөнүн укуктук ченемдик актыларынын талаптарын толук сактоо жана жүргүзүлүп жаткан административдик-аймактык реформанын мыйзамдуулугун кынтыксыз камсыздоо үчүн реформанын укуктук негиздерин мыйзам алдындагы (жарлыктык)

деңгээлден мыйзамдыкка көтөрүп, аны ишке ашыруудагы уюштуруучулук-укуктук маселелерди жогорку өкүлчүлүктүү жана мыйзам чыгаруучу орган болуп саналган Жогорку Кеңеш аркылуу чечүү зарыл деп эсептейбиз. Ошону менен эле бирге, каралып жаткан реформаны ишке ашыруу мезгилдин талабы экендигин да белгилегибиз келет.

**Колдонулган адабияттар**


1. Кыргыз Республикасынын администрациялык-аймактык түзүлүшү жөнүндө: Кыргыз Республикасынын Мыйзамы 2008-жылдын 25-апрели №65.
2. Гарбузарова Е.Г. Проблемы реализации административно-территориальной реформы в Киргизии // Реформы конца XX – начала XXI в. на постсоветском пространстве: региональный аспект: сборник научных статей. – Владивосток: Федеральное государственное бюджетное учреждение науки «Институт истории, археологии и этнографии народов Дальнего Востока» Дальневосточного отделения Российской академии наук, 2020, с. 37-45.
3. Шадыбеков К.Б. Административно-территориальная реформа в Кыргызской Республике: концептуально-правовые подходы реформирования // Вестник Воронежского государственного университета. Серия: Право, 2018, № 4(35), с. 55-66.
4. Кыргыз Республикасындагы административдик-аймактык реформанын негиздери (окуу-практикалык колдонмо). – Бишкек, 2023, 179 б.
5. Кыргыз Республикасынын Конституциясы. 2021-жылдын 11-апрелиндеги Референдумда (бүткүл элдик добуш берүүдө) кабыл алынды (Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 5-майындагы Мыйзамы менен колдонууга киргизилди).
6. Урматова А.Д., Калчороева Ж.Н. Чет өлкөлөрдөгү муниципалдык моделдердин салыштырма укуктук анализи // Вестник КНУ, 2023, № 4(116), 138-140-б.



УДК 329.055 (575.2) (04)
DOI 10.58649/1694-8033-2024-2(118)-136-141



**Канатбекова А.К.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Канатбекова А.К.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**Kanatbekova A.K.**
KNU named after J. Balasagun


# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН АДАМДЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК УКУКТАРЫН ЖАНА ЭРКИНДИКТЕРИН КАМСЫЗ КЫЛУУ БОЮНЧА ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ
# ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ ЖОГОРКУ КЕНЕША КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ ПО ОБЕСПЕЧЕНИЮ КОНСТИТУЦИОННЫХ ПРАВ И СВОБОД ЧЕЛОВЕКА
# ACTIVITIES OF THE JOGORKU KENESH OF THE KYRGYZ REPUBLICTO ENSURE CONSTITUTIONAL HUMAN RIGHTS AND FREEDOMS